“

**“САКТА”**

Сөзү: Шайлообек Дүйшеев

Обону: Кундуз Таштаналиева

Каректи жапкан тумандан сакта,

Каргышы тиер курандан сакта.

Каргадай кезде койнуңда жүрүп,

Как түштө чаккан жыландан сакта.

Кайырдин жандын сообунан сакта,

Калпычы хандын жообунан сакта.

Баарынан дагы бирөөнүн жалгыз,

Баласын баскан оорудан сакта.

Тешикке күлгөн жыртыктан сакта,

Тентекке тийген мылтыктан сакта.

Ажалын коштоп, асманын таштап,

Айттырбай келчү кырсыктан сакта.

Жазасыз калган жалаадан сакта,

Жамгырсыз калган талаадан сакта.

Жаш төгүп боздоп, жалгызын жоктоп.
Жар бойлоп калган санаадан сакта.

Булутсуз соккон шамалдан сакта,
Бул дүйнө бизди жамандан сакта.
Бузулган адам оңолоор бир күн,
Бузулуп турган замандан сакта.

Жыланды баккан уядан сакта,
Жыгылып кетчү кыядан сакта.
Бараткан сайын басса деп тилеп,
Баткакта жаткан чыладан сакта.

Калыс сөз айтпас чалдардан сакта,
Каткырып турган жалгандан сакта.
Карыган кезде кашайтып көздү,
Карабай кеткен балдардан сакта.

Көөдөнсүз жандын көзүнөн сакта,
Көралбас жандын сөзүнөн сакта.
Көрүнө эчким апкеткен эмес,
Көр дүйнө бизди өзүңөн сакта.

Оту жок калган үйлөрдөн сакта,
Оору эмес, соо эмес күндөрдөн сакта.
Жөлөнөр кезде жөлөгү тийбей,
Жөн эле жашап жүргөндөн сакта.

Жетимди жеген убалдан сакта,
Жетелеп кетчү дубаңдан сакта.
Жергелүү элин жеп алып бир күн,
Жер муштап калган Кудайдан сакта.

Теңир калк элек тегимди сакта,
Тебелеп саткан жеримди сакта.
Телиген кушу тескери учуп,
Теңселип турган элимди сакта.

Куу казан калган очоктон сакта,
Кубалап баскан кошоктон сакта.
Кул боло турган эл эмес элек,
Кудурет бизди тозоктон сакта.
Кызыл дан берсең кырманын сакта,
Кыргыздын кымбат ырларын сакта.
Кылымдын жолу кылтылдап турат,
Кыз-уулду берсең ыйманын сакта.